УДК: 9-05

*Абакиров К., ф. и., д., проф., Ж. Баласагын ат. КУУ*

## КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ – КЫРГЫЗ МАДАНИЯТЫНЫН КӨЧ БАШЫ

*XX кылымдагы кыргыз маданиятынын, адабиятынын жана илиминин өрүш алышына чанемсиз салым кошкон Касым Тыныстан уулунун аянычтуу тагдыры тууралуу кийинки жыйырма беш-отуз жыл аралыгында кыйла эмгектер пайда болду. Бул кайталангыс инсандын өмүрү, орошон чыгармачылык мурасы, ишмердиги дагы эле калайык-журттун бүйрүн козгоп келет. Бирок анын тагдыры менен канчалык тереңирээк таанышкан сайын табышмак суроолордун саны артканы байкалат.*

*Макалада К. Тыныстановдун өмүр жолуна байланыштуу маалыматтар 1925-жылдын 8-ноябрында толтурула баштап, 1964-жылдын 20-октябрында жабылган Касым Тыныстановдун өздүк иши, анын ичинде автордун өз колу менен толтурулган баракчасы жана өмүр баянынын негизинде берилди. К. Тыныстановго түрдүү себептер менен кийин да бир нече жолу өздүк баракча толтуруп, өмүр баян жазууга туура келген. Аларда айрым майда-барат дал келбөөчүлүктөр, биринде кездешип, экинчисинде дагы эле айрым себептер менен түшүрүлгөн маалыматтар бар. Ошолордун ичинен бөтөнчө ишеним туудура турганы мына ушул өздүк иш болуп саналат.*

***Өзөктүү сөздөр:*** *Касым Тыныстанов, өмүр баян, ишмердик, революция, Алматы, Ташкент, Эл агартуу комиссары, адабий чыгармачылык, илимий ишмердик, «Академия кечелери», идеологиялык айыптар, буржуазиялык-улутчулдук, атуу, актоо.*

*Абакиров К., д. ф. н., проф., КНУ им. Ж. Баласагына*

## КАСЫМ ТЫНЫСТАНОВ – ОСНОВОПОЛОЖНИК КЫРГЫЗСКОЙ КУЛЬТУРЫ

*В последние двадцать пять-тридцать лет появилось довольно много работ о трагической судьбе Касыма Тыныстанова, внесшего бесценный вклад в становление и развитие кыргызской культуры, литературы и науки XX века. Жизненный путь, значительное творческое и научное наследие, деятельность этой неповторимой личности до сих пор вызывает неподдельный интерес. Но чем глубже знакомство с судьбой этого человека, тем больше вопросов.*

*В данной статье приведены биографические данные К. Тыныстанова на основе личного дела, в том числе личного листа и автобиографии, заполненных собственноручно К. Тыныстановым, начиная с 8 ноября 1925 года. Необходимо отметить, что в связи с разными обстоятельствами, К. Тыныстанову пришлось несколько раз заполнять личный листок и писать автобиографию. В них обнаружены разные нестыковки, в одних имеются некоторые данные, а в других отсутствуют. Среди них вызывающим особое доверие является именно это личное дело.*

***Ключевые слова:*** *Касым Тыныстанов, биография, деятельность, революция, Алматы, Ташкент, Комиссар народного просвещения, литературное творчество, научная деятельность, «Академические вечера», идеологические обвинения, буржуазно-националистический, расстрел, реабилитация.*

*Abakirov K., Ph.D., Prof., KNU named after J. Balasagyn*

## KASYM TYNYSTANOV - FOUNDER OF KYRGYZ CULTURE

*In the last twenty-five to thirty years, quite a lot of works have appeared about the tragic fate of Kasym Tynystanov, who made an invaluable contribution to the formation and development of Kyrgyz culture, literature and science in the twentieth century. The life path, significant creative and scientific heritage, the activity of this unique personality still arouses genuine interest. But the deeper the acquaintance with the fate of this person, there are the more questions.*

*This article presents the biographical data of K. Tynystanov on the basis of a personal file, including a personal file and autobiography, filled out by K. Tynystanov himself starting from November 8, 1925. It should be noted that due to various circumstances, K. Tynystanov had to fill out a personal file several times and write an autobiography. Various inconsistencies have been found in them, some have some data, and others are missing. We believe that this particular personal matter is particularly credible among them.*

***Keywords:*** *Kasym Tynystanov, biography, activity, revolution, Almaty, Tashkent, Commissar of Public Education, literary creativity, scientific activity, "Academic evenings", ideological accusations, bourgeois-nationalist, execution, rehabilitation.*

20-жылдардын орто чени биздин өлкөбүздүн тарыхында коомдук-саясий, экономикалык абал жагынан мурдагыларга салыштырмалуу бир кыйла калыпка түшүп калган мезгил экендиги белгилүү. Кызыл кыргын түшүргөн граждандык согуш эчак аяктап, жаңы экономикалык саясаттын шарапаты менен эл турмушу оңоло баштап, большевиктер партиясы нагыз бийликтин даамын татып, өз күчүнө ишене магдырап, кең пейил болуп турган маал болучу. Троцкисттерди эске албаганда, «эл душманы» дегендердин сары изине чөп салган саясаттын, 1937-1938-жылдардын шек-шыбаасы байкала элек эле. Мына ушундай шартта жаңыдан гана бой көтөрүп, жаңы түзүлүшкө жан-дили менен берилип, жанын үрөп эмгектене баштаган Касым Тыныстановго окшогон инсандар үчүн кандайдыр бир себептер менен өз өмүр жолундагы, ишмердигиндеги кээ бир маалыматтарды жаап-жашырып, бурмалоонун байкаларлык зарылдыгы деле жок эле. К. Тыныстановдун болгонду болгондой айтып, чындыкка тике караган мезгилде жазылган аталган өмүр баянынын ушундан улам көп жагынан чындыгы жогору десек болот [1].

Касым 1901-жылы 10-сентябрда Жети-Суу областынын Пржевальск уездиндеги Чоктал болуштугунун Чырпыкты айылында кедей-дыйкандын үй-бүлөсүндө төрөлүп, он эки жашка чейин ата-энесинин колунда тарбияланат.

Атасы Маркатаев Тыныстан сабаттуу адам болуп, уулуна алгач тамга таанытат да, айылдык молдодон арабча окутат. Ушундан улам болочок окумуштуунун атасы илим-билимдин маанисин түшүнгөн, алдыңкы көз караштагы адам болгон деген жыйынтыкка келебиз. Ал 1913-жылы уулун Караколго алып келип орус мектебине бермек болот. Бирок жардынын уулу Касым канчалык аракет кылса да, орус мектебине кабыл алынбай, шаарда калат да, жаңы усулдагы өзбек мектебинен окуй баштайт. Жан багуу үчүн сабактан кийин ар кимге жалданып иштейт. Орус тилин мыктылап үйрөнүп, ал аркылуу илимдүү, билимдүү болсом деген тилеги чоң Касым 1914-жылы Сазановкадагы кыргыз балдары кабыл алына турган орусча интернатка өтүүгө далалат кылат. Ал тилеги да ордунан чыкпай, бир жылча эркин угуучу (приходящий) болуп жүрүп, окууга айрыкча шыктуулугун көрсөтөт. Кийинки жылы гана Мировой сотко

малай болуп иштеп, интернат башчысына 6 сом пара берип (бул атасынын чарбасынан түшкөн бир жылдык киреше болучу) интернатка кабыл алынат. Бирок бир жылга жетпей кыргыз элинин падышалык Россиянын эзүүчүл саясатына каршы багытталган көтөрүлүшү башталып, Касым окуусун бүтпөй ата-энеси, эл менен Кытайга ооп кетет. Кулжанын тегерек-четинде малайчылык кылып, кыйла азап көргөндөн кийин, 1917-жылдын аягында гана Ата-Журтуна кайтып келет да, 1919-жылдын күзүнө чейин ар кимге жалданып иштейт. Ара-чолодо кайра эки айча өзбек мектебинен окуйт. Кыскасы, окусам деген далалаты чоң Касымга кыстаган турмуш-шарт революцияга дейре бир да мектепти толук бүтүрүүгө мүмкүндүк бербегендиги көрүнүп турат.

Ошентип, ачуу-таттуусу аралаш бала чак артта калып, окуунун дүйнө тааныткыч күчүнө көзү жеткен Касым эми чындап билим алууну чечет. Анын буга чейин баскан жолду М. Элебаевдин «Узак жолундагы» мезгилинен эрте жетилип, ачуу-таттууну көп көргөн Мукайдын образын аргасыз эске салат. Революциядан кийин билимди көксөгөн кыргыз жаштарынын Алматы, Ташкен, Казан сыяктуу шаарларга чаалыкпас агымы башталат. Алардын алгачкы топторунун биринде К. Тыныстанов да бар болчу. Ал 1919-жылдын сентябрында Алматыга келип, аерден атайын жолдомо менен Ташкенге жетет да, Казак агартуу институтунун даярдоо бөлүмүндө окуй баштайт. Институтта анын кандай окугандыгы тууралуу маалымат жок. Ошондой болсо да ал өз мезгилинин билимин алып, дүйнө таануу жагынан айрыкча түшүмдүү болгону байкалат. Институтка андан кийин кирген Х. Карасаев Касым ошондо эле Ташкендеги кыргыз жаштарынын билимдүүсү катары таанымал болгондугун эскерет.

1919-жылдын декабрында Касым Түркстан Коммунисттик жаштар союзуна өтөт да, комсомолдук иштерди уюштурууга жана жайылтууга ыкчам аралашат. 1920-жылдын майынан тарта ал «Жаңы-Өрис» гезитинде иштеп, Комсомолдук иштер бөлүмүн башкарат. Ошол эле учурда Ташкендеги казак интернатында комсомолдук иштерди уюштуруучу болуп бекитилет. Гезитте комсомолдук темадагы макалаларды редакциялап, өзгөрүшкө арналган ырларды жазуу менен К. Тыныстановдун чыгармачылыгына алгач чыйыр салынат.

Тынымсыз түйшүк ден соолугун начарлатып, ал 1920-жылы октябрда учук менен сыркоолоп, кышы бою ооруканада жатат. 1921-жылы догдурдун кеңеши боюнча, бир чети, саламаттыгын оңдоп, экинчиден, институттун кайталоо классында калбай даярдануу максатында Ысык-Көлгө келет. Ошентсе да түйшүкчүл мүнөз тынч отургуза койбой, аны түркүн иштерге аралаштырат. Ал ошол эле жылы Караколдо алгачкы театралдык кыргыз тобун уюштуруп, жетекчилик кылат жана калк ичинде үгүт-насаат иштерине катышат. Кийинки эки-үч жылда Касым окуу менен да, ден соолугу менен көп убара болот. Ошол эле учурда кыргыз тили менен оозеки чыгармачылыктын байлыгын үйрөнүүгө шымалана киришет. Анын кийинки айрыкча үзүрдүү илимий, адабий, көркөм чыгармачылыгы үчүн кебелбес пайдубал, ошентип, 20-жылдардын башында эле түптөлүп, өрчүй баштайт.

Институтту ийгиликтүү аяктаган К. Тыныстанов 1924-жылы июнда мугалимдерди даярдоочу курска жалпы билим берүүчү сабактар боюнча лектор иретинде Караколго жиберилет. Ушул жерде Компартиянын мүчөлүгүнө кандидат болот. Жылдын аяк ченинде ал Ташкенге чакырылып Кыргыз Автономиялуу областынын эл агартуу бөлүмүнүн алдындагы Академиялык борборго (кийин ал Илимий Комиссия деп атала баштайт) секретарь болуп дайындалат. 1925-жылдын августунда ошол Комиссиянын төрагасына бекитилет. Ошол эле кезде (август-октябрь айларында) «Эркин-Тоо» гезитинде редакторлук милдет аткарып, партиялык, профсоюздук үгүт-насаат иштерине активдүү кол-кабыш этет, эл алдында ондогон доклад-лекциялар менен

чыгып сүйлөйт. Кыргыз элинин революциячыл-улуттук кыймылын иликтөө комиссиясынын мүчөсү катары да түрдүү иштерди аткарат.

Жогортодо аталган өмүр таржымалында К. Тыныстанов башка партияларда болбогондугун, аялы жана бир баласы бар экендигин, жаңы кыргыз адабиятын түзүүгө аралашуу алдыдагы негизги максаты экендигин белгилейт. Бул маалыматтарды көңүлгө түйүп коёлу. Анткени кийин ал сан-түркүн айыптоолорго туш келип, өмүрү кыл учунда кылтылдай баштаганда кайдан-жайдандыр манаптын тукуму, «Алаш-Ордо» партиясынын мыкчегери, Кыргызстанда «Социал-Туран» партиясы дегенди уюштуруучу, пролетардык адабияттын бузуучусу болуп чыга келет да, көп жерде аларды өзү да «мойнуна алып», жандалбас кылат. Ошол «моюнга алуулардын», өзүн-өзү аёосуз сындап, айыптоолордун көпчүлүгү даргадагы сыйыртмак жиптей салаңдаган кысмактын күчү менен ишке ашырылганын байкоо кыйын деле эмес. Бирок мындай мүшкүлдүү кез 1926-жылы али алыс болуп, Касымда «элиме эмгек берсем, анын кулу болсом» деген гана ак тилек бар эле. Ушул ой-тилек менен ал 1926-жылы Караколдо компартияга мүчө болот.1927-жылдын февралына чейин ал Кара-Кыргыз Илимий Комиссиясынын төрагасы болуп, №20 ячейка деп аталган уюмда уюштуруучулук, насаатчылык иштерин жүргүзөт. Ошол эле учурда профессионалдык поэзиянын башатында турган «Касым ырларынын жыйнагы» аттуу поэтикалык китепченин (Москва, 1925, 10 миң нуска), алгачкы көркөм жана саясий котормолордун, окуу китептеринин жана макалалардын автору катары таанылат.

К. Тыныстановдун тил саясаты жана тил илими багытындагы ишмердиги өзүнчө чоң сөздү, атайын иликтөөнү талап кылары талашсыз. Ошентсе да анын бул тармактагы туруктуу, болгондо да 30-жылдары айрыкча өркүндөп, өмүрлүк ишине айлана баштаган ишмердиги Ташкенде жүргөндө эле тамырлап, өрчүй баштагандыгы байкалат. Таң каларлык тилдик интуиция менен методикалык жактан да, практикалык жактан да жугумдуу жазылган анын «Окуу китеби» көлөмүнүн чакандыгына карабай ички байлыгы, мазмундуулугу жагынан алиге өз маанисин жогото элек. Анын башка эмгектери жөнүндө да ушуну айтууга болот.

Реформаланган араб алфавитин иштеп чыгууга тиешелүү салымын кошкон К. Тыныстанов 1925-жылы жаңы, латын алфавитине өтүү идеясын көтөрүп чыгат да, ушул эле жылы «Жаңы алфавит коомунун достору» аттуу уюмун түзүп, анын Башкармасына, кийин Борбордук Комитетине 1927-жылга дейре жетекчилик кылат. 1925-жылы 25-майда Пишпекте ачылган Кара-Кыргыз Автономиялуу областынын эл агартуу кызматкерлеринин съездинде ал көөнөрбөс мурас иретинде элдик оозеки чыгармаларды жыйноо, термин маселесин илимий негизде иштеп чыгуу, латын алфавитине өтүү зарылдыгын терең жана ар тараптуу негиздеп сөз сүйлөйт. Латын алфавитине өтүүнүн муктаждыктары тууралуу баяндамасынын тезистери жарыяланып, аны менен казак, өзбек, татар, азербайжан эл агартуу ишмерлери таанышып чыгышат. 1926-жылы 26-февралдан 5-мартка чейин Бакуда өткөрүлгөн түркология съездинде К. Тыныстанов аталган баяндаманын кеңейтилген варианты менен чыгып сүйлөп, латын алфавитин кабылдоонун ири билерманы катары таанылат. В. Бартольд, С.Ольденбург, Б. Чобан-заде, К. Юдахин, А. Самойлович, Л. Щерба, С. Малов өңдүү даңазалуу окумуштуулар катышкан бул съездде К. Тыныстановдун докладынын негизги жоболору текши жактырылып, колдоого ээ болот. Ошол жерде тарыхчы В.Бартольд К. Тыныстановдун өтүнүчү менен кыргыз тарыхы боюнча ирдүү эмгек жазып берүүгө милдеттенет. Ал эми 1927-жылы 28-майда Орто Азия жумуруят өкүлдөрүнүн жаңы алфавитти кабыл алуу боюнча Самаркандда болгон илимий конференцияга (Х. Карасаев) да катышат.

Кыргыз тил илиминин тамыр байлап өрчүшүндө К. Тыныстанов бөтөнчө жана кайталангыс эмгек сиңирет. Анын колу алгач тийбеген кыргыз лингвистикасынын теориялык, методикалык жана практикалык маселелери жокко эсе. Анын калеминен жаралган окуу китептерде, хрестоматияларда жана сөздүктөрдө, илимий макалаларда жана монография мүнөзүндөгү эмгектерде эле тилибиздин тыбыштык түзүлүшүнө жана морфологиясына, синтаксисине жана графикасына, пунктуациясына жана орфографиясына алгачкы, бирок негиздүү жана так илимий, методикалык мүнөздөмө берилет, терминологиянын илимий иштиктүү пайдубалы түптөлүп, өркүндөтүлөт, жаш муундарды жана чоңдорду окутуунун усулдук жол-жоболоруна чыйыр салынат. Анын «Окуу китеби» (1924), «Чоңдор үчүн алиппе» (1926), «Биздин тил» (1927), «Окуу, жазуу бил» (1927), «Эне тил» (1 бөлүк, 1929), «Эне тилибиз» П бөлүк (1931), «Жаңы айыл» (1929), «Тил сабагы» (1932), «Тил илими боюнча терминологиялык сөздүк» (1933), «Терминдер: коом-экономикалык терминдери» (Ы. Тойчинов менен бирге 1933) «Кыргыз ымласынын курулушундагы негизги принциптер» - «Кыргыз адабий тилинин жаңы ымласынын долбоору» (1934), «Кыргыз ымласынын эрежелери» (1936), «Кыргыз тилинин морфологиясы» (1934), «Кыргыз тилинин синтаксиси» (1936) сыяктуу өзүнчө жарык көргөн жана ал кездеги гезит-журнал беттерине басылган ондогон макалалары улуттук лингвистиканы гана түптөбөстөн, анын кийинки кыймылына астыртадан орчундуу таасир көрсөткөн булак катары кызмат өтөдү. Эне тилдин керемет байлыгына сугарылып, ийкемдүү жазылган окуу китептеринде автордун калемине таандык жакшынакай ырлардан, текст-аңгемелерден, заметка-этюддардан тышкары элдик макалдар, табышмактар, ырлар, жомоктор ыгы менен колдонулуп, алар тигил же бул маселени окурмандын жеңил жана бекем өздөштүрүүсүнө көмөктөшүп турат. Тилдик көрүнүштөргө берилген аныктамалар жана алардын атоолору (терминдер) К. Тыныстанов тарабынан алгач колдонулуп, объектинин табиятынан алынгандыгы менен гана эмес, ага толук дал келиши менен да айырмаланат. Бул жагынан К. Тыныстанов алдына эч кимди салбаган, дээринен эле тилчи болуп жаралган окумуштуу десек болот.

Дагы да тил маселелерине байланыштуу окумуштуунун «Десять лет борьбы за новый алфавит». «О влиянии иностранных терминов на киргизский язык», «Об основных недостатках в проекте киргизской орфографии», «Поправки к дейстующей системе киргизской орфографии» сыяктуу кол жазма эмгектери бул күнгө аман-эсен жеткен болсо, «Термины по зоологии» (1935), «Разработка программы по киргизскому языку: для П-1Y курсов пединститутов» (1936), «Пунктуация киргизского языка» (1935), «Программа киргизского языка для Y-X классов (1937), «Грамматика киргизского языка: для учителей» (1937), «Орфография киргизского языка» (1937) «Подражательные слова: научное описание» (1935) өңдүү, көпчүлүгү бүткөрүлүп, камалганда конфискацияланган эмгектеринин эч жерде дайыны жок». Акыркы «Подражательные слова» аттуу эмгекти жазууга К. Тыныстанов 1928-жылы эле киришип, өзү иштеп чыккан ыкма менен миңдеген сөздөрдү чогултканын профессор Н. А. Баскаков эскертип отурат. Демек, булардын дээрлик бардыгы Касымдын табиятына таандык тереңдик жана тактык менен иштелген фундаменталдуу эмгектер болуш керек деп божомол кылууга толук негиз бар. Бизге жеткен эмгектери анын жүрү-нары мамиле жасап, бирдемени чүргөй салбастан, ар бир маселенин нукура табиятына сүңгүп кирип, илимий жогорку деңгээлде корутунду жасай билгендигин айгинелеп турат. Алар кыргыз лингвистикасындагы алгачкы илимий-методикалык эмгектер, окуу куралдары болгондугу үчүн гана эмес, улуттук тилибиздин орчундуу, дыңы бузула элек проблемаларынын айрыкча тереңдик жана тактык менен иштелгендиги үчүн да маанилүү. Ал эне тилибиздин стихиясын, жандуу байлыгын. ийкемдүүлүгүн таңкаларлыктай баамчылдык менен кармай билген. Бүгүнкү күнгө

дейре чыпчыргасы коробой колдонулуп келе жаткан тил илиминдеги, коомдук-экономикалык, саясий тармактардагы кумдуу талаадагы алтындын күкүмдөрү сындуу терминдер ошентип К. Тыныстановдун тикелей аракети менен жандуу тилге киргизилген. Алардын таасын мүнөзүнө алиге чейин (30-жылдарды эсепке албаганда) эч ким шек келтире элек. Ал эми К. Тыныстановдун республикадагы эл агартуу ишинин абалын талдоого алып, алдыдагы милдеттерди айкындаган, көркөм адабият, бөтөнчө, элдик оозеки адабият жаатындагы орчун маселелерди ачыкка алып чыккан макалалары, түрдүү жыйындарда түркүн темада сүйлөгөн сөздөрү, жасаган баяндама-докладдары, билдирүүлөрү жана каттары ар кайсы мекемелердин архивдеринде жатат.

Кыскасы, 1935-жылы июнда кыргыз уулдарынын ичинен К. Тыныстанов биринчи болуп профессордук наамга көрсөтүлгөндө, мына ушул жагдайларды көңүлгө түйүп, анын кесиптеши жана тагдырлашы, профессор Е. Д. Поливанов: «Кыргызстандагы тил курулушу жаатында жана кыргыз тилин окутуу ишинде К. Тыныстанов эң маанилү роль ойноп келген жана ойноп жатат», - деп жазган. Ал эми профессор С. А. Врубель К. Тыныстановдун ири окумуштуу экендигин баса көрсөткөн.

К. Тыныстанов эмгектеринин маанисин түшүнүп, оор жана татаал максатты аркалап эмгектенип келгендигине анын 1934-жылы январда областтык партконференцияда сүйлөгөн сөзү далил болот: «…Я сумел на конкретных фактах разоблачить их (сөз шовинисттер жөнүндө болуп жатат - **К. А.) доказав, что киргизский язык может быть культурным языком, что киргизский язык может подняться на шеренгу культурных языков передовых республик. Доказал научно, что в силу воздействия пролетарской революции и победы социалистического строительства наш язык переживает коренной переворот, при котором киргизский язык обогатил свой словарный запас интернациональными терминами и усовершенствовал синтаксистический строй** (А.Токомбаев: «Это забраковано все»). **Я доказал, что язык трудящихся имеет множество богатств по части словарного запаса, на котором можно создать большую литературу»** [2].

К. Тыныстановдун тил жаатындагы ишмердиги булар менен эле чектелбейт. Ал араб жана англис жазууларынын бай практикасын, өз учурундагы тил саясатынын тажрыйбасын эске алуу менен, дунган алфавитин иштеп чыгып, окуу китептерин жаратууда бөтөнчө эмгек сиңиргендигин жогортодо аталган профессор С. А. Врубель өзүнүн К. Тыныстановдун ишмердигине берген рецензиясында белгилеп кетиптир.

Иш жүзүндө кыргыз тил илиминин негиздөөчүсү катары чыкканы менен, К. Тыныстанов көзүнүн тирүүсүндө жылуу сөзгө зар болуп, кордолуп, тепки жеди. Адабий чыгармаларын айтпаган күндө да, «пролетарчылбыз» деп төшүн койгулашкан сынчылар анын окуу китептеринен да саясий каталарды чукуп чыгышып, арадай ишти чарадай кылууга колкабыш этишти. Ушуга байланыштуу 1932-жылы 4-мартта Кыробкомдун секретариатынын кеңешмесинде кабыл алынган резолюцияда төмөнкүлөр белгиленди:

1. Учебник Тыныстанова «Наш родной язык», часть 1-я, вышедшая в 1927 г. и переизданная в 1929 г., хотя и является ценным, положившим основу теоретического и методического изучения, в то же время в него включены отрывки из старой поэзии самого Тыныстанова и др., носящие буржуазно-националистический характер.

2. В учебнике Тыныстанова «Наш родной язык», часть 2-я, продолжение первой части, составленный в 1928 г. и вышедший в 1931 г. в Москве под видом включенных в него «народных» пословиц протаскивался бай-манапская идеология» [3].

Бул резолюциянын 1-бөлүгүндөгү доомат кыйла эскире түшкөнүнө карабай «ишке» киргизилиптир. 1925-жылы Б. Данияровдун жылуу маанайдагы баш сөзү

менен К. Тыныстановдун Москвадан басылган ырлар жыйнагына 1928-жылы жаш сынчы А. Убукеев кең-кесири сын жазып, Б. Данияровдун ой-пикирин төгүндөөгө умтулган. Карандай саясий ураандардын позициясынан туруп: «Көркөмдүгү дурус, бирок ырлардын мазмуну пролетардык идеологияга туура келбейт» деген бир ооз корутунду менен тамам кылынган бул макаланын саясий духу кийин башкалар тарабынан улантылып, «керектүү жерде» ченемсиз кызмат өтөгөндүгү мына ушул резолюциядан да көрүнүп турат. Ал эми резолюциянын экинчи бөлүгүчү?! Көрсө, К. Тыныстанов 1928-жылы жазылып, 1931-жылы басылган окуу китебинде «Даның болсо ороондо, малың болот короондо» деген эл макалын пайдаланыптыр. Аталган резолюцияда жалгыз ушул макал тууралуу сөз болуп жатат. Ал эми 1935-жылы К. Тыныстановду партиядан чыгаруу маселеси каралганда ошол эле макал коркунучтуу контркүчкө айланат да, дан үчүн күрөш күч алып, ачарчылык акмалап турган 1930-31-жылдары ушундай буржуазиялык-улутчул идеологияны ачык жайылткан макал дегеле кечирилгис күнөө катары автордун мойнуна илинет. Ошондой эле ал чоро (боец), өзгөрүш (революция), бийлик (диктатура), кеңеш (совет) деген «саясий ката» терминдерди киргизгендиги үчүн айыпталат. Дегинкиси, бүгүнкү күндө сандыректын санаасындай, келжиректин кебиндей көрүнгөн мындай жалакор айыптоолор 20-жылдарда эле тамыр ала баштап, К.Тыныстанов эл агартуу комиссары болуп иштеген 1927-жылдан тарта айрыкча күч алат.

* * *

К. Тыныстанов Кыргыз АССРинин эл агартуу Комиссары болуп 1927-жылы мартта Ж. Абдрахмановдун тушунда дайындалат. Ал бул иштен 1930-жылы сентябрда бошотулат да, бир жылча ден соолугуна карап кызматсыз жүрүшкө аргасыз болот. Ал эми Ж. Абдрахмановдун сары изине чөп салынганда партиялык келтектин бир учу К. Тыныстановдун башына да тийип, анын куйругу жана тилектеши, эзелтеден чогуу кадам шилтешкен эл душмандары аталып, бир күнү, бир жерде өмүрлөрү кыйылат. Эмнеси болсо да, Жусуп Абдрахманов аксакал окумуштууларыбыз Х. Карасаев менен З. Бектеновдун эскерүүсүнө караганда, К. Тыныстановго «кыргыздын Ломоносову» деген бааны бекеринен бербесе керек.

Эл агартуу Комиссары болуп туруп К. Тыныстанов Пишпектеги мугалимдер курстарына лекция окуп, 1928-31-жылдары «Жаңы маданият жолунда» журналын негиздөөгө катышат, илимий жана көркөм адабий чыгармачылык менен алек болот. Кызыкчылык чөйрөсү өтө кеңири, казак, орус, өзбек, татар, дунган, уйгур тилдерин мыктылап өздөштүрүүгө жетишкен бул инсан турмуштун кайнаган жеринде болуп, элдин, жаш муундардын алгалап өсүшү үчүн көп аракет кылат. Анын тикелей катышуусу менен араб, латын жазмалары кыргыз тилине ылайыкталып иштелип чыгат, эне тилибиздеги алгачкы гезит-журналдар, окуу куралдары, илимий эмгектер жана көркөм адабий чыгармалар, түркүн котормолор жана сөздүктөр жарык көрөт. Ал кездеги өзү сындуу эл уулдары менен бирге К. Тыныстанов Кыргызстанда билим берүү ишин өркүндөтүп, улам жаңы бийиктиктерге жеткирүүгө далалат кылат. Канчалык дайынсыз доомattар коюлуп, жок айыптарды күч менен моюнга алса да, ал баарына чыдап, эртеңкиге тунук ишеним, терең үмүт менен карагандыгын, дилинде өзүнүн актыгына, ишинин адилдигине ишенгендигин баамдоого болот.

1928-жылы К. Тыныстановго аялдарды боштондукка чыгаруу боюнча партиялык көрсөтмөлөрдү аткарбайт деген айып коюлуп, аны териштирүү бир нече айга созулат. Ал окумуштуунун өмүрлүк жары Турдубүбү Тыныстанованын сабатсыздыгы жөнүндөгү маселе эле. Кыска мөөнөттө анын сабатсыздыгы жоюлса да, тоголок каттардын аягы үзүлбөй, К. Тыныстанов обкомдун аткаруу бюросуна кат жазып, эксперттик комиссия

менен аялынын сабаттуулугун далилдеп, жок жалаадан куткаруусун өтүнөт. Комиссия Тыныстанова Турдубүбүнү араб жана латын алфавиттеринде эркин окуп, жаза ала тургандыгын белгилеп, бирок «ал коомдук, партиялык иштерге тартылган эмес, партия менен комсомолдо жок, аялдар кыймылына, ийримдерге катышпайт, советтик коомдун түзүлүшүн жакшы билбейт, негизинен, үй-бүлөсү менен гана элек» деген жоон топ доомат менен бул ишке чекит коет. Аялы уйгур соодагердин кызы экендиги да ал кагаздардын бирине кыстырыла кетет.

20-жылдар ичиндеги документтерде К. Тыныстановдун теги дыйкан, билими төмөнкү (?), башка партияларда болгон эмес, негизги кесиби журналист, кошумча кесиби дыйкан мугалими, тилчи, лектор, жазуучу, окумуштуу, акын, теориялык-марксистик даярдыгы орто, армияда кызмат өтөгөн эмес, өз ишине ыраазы, үй-бүлөлүү, бир аялы, кызы жана уулу, багуусунда 6 кишиси бар, өзүнүн жери жок, аялына калың төлөгөн эмес, айлыгы 120 сом, көкүрөк оорулуу, кесилген эмес, 1924-жылдан бери «Кошчу» союзунун мүчөсү, «Правда Востока», «Эркин-Тоо» гезиттерин үзбөй окуйт деген өңдүү маалыматтар кездешет. Революцияга чейин кайда окугандыгы, жалчы болгондугу, Кытайга качып барып келгендиги да унутулган эмес.

Бул маалыматтардын түйүндүүлөрү кийин өзгөрүп кеткен. Биринчи кезекте, анын манаптын тукуму, кулактын баласы экендигине басым коюлуп, эл агартуу Комиссары болуп турганда тап душмандарын тегерегине топтоп, аларды колдоп келген деп айыпталды. 1934-жылы 12-январда болгон ВКП (б)нын Кыргыз областтык ҮП партконференциясында узун сөз сүйлөгөн А. Токомбаев контрреволюционерлер Башиев менен Курманов, Шабданов менен Кашимов, мурдагы болуш Б. Солтоноев, манаптардын тукуму Кененсариев менен Татыбековдор аталган комиссариатта К. Тыныстановдун түздөн-түз жетекчилигинде иштешкенин, кийин да аларды коргоп келгенин, өзү да ашынган контрреволюционерлер А. Сыдыков менен Ж. Абдрахмановдордун жактоочусу экендигин далилдөө аракетин жасады [2].

Аталган дооматтардын бирөө гана чындыкка жакын. Уулунун жардамы менен ирденип алган Маркатаев Тыныстан 1931-жылы кулакка тартылып, Украинага айдалат. Акыры ошол жактан көз жумат. Окумуштуунун жубайы Турдубүбү эне өзүнүн 1956-жылы жогорку органдарга жазган арызында ал келин болуп келгенде Касымдар өтө жакыр турушканын, бир гана жылкысы бар экендигин белгилейт. Кийин Касымдын көмөгү менен оокат-жайы оңолгонун да жашырбайт. Ал эми К. Тыныстанов 1934-жылы августа ГПУга жазган түшүнүк катында атасы жөн эле эмес, өзүнүн каршылаштарынын аракети менен гана кулакка тартылганын, муну менен алар аны көөлөшкө умтулушканын, И. Тойчиновдун тапшырмасы боюнча Кырдрамтеатрдын режиссеру Кочкорбаев деген неме төрт ай Көлгө командировкага барып, Касымга каршы материал чогултуп, «манаптын баласы» экендигин далилдеп келгенин эскерет [4]. Азыр булардын мунусу чын, тигиниси калп деп айтуу кыйын. Канткен менен булар түркүн себептердин натыйжасында келишпес душманга айланышкан эки жааттагы аттуу-баштуу инсандардан социалисттик коомдун «көрсөтмөсү» менен бири-бирин жок кылууга даяр турушуп, акырындап улам бир жагы өз максатына жетип, бирок кайра эле кийинки ур-токмокчулардын курмандыгы болгондугун айгинелейт. Мындай документтерден атаны балага, агасын инисине кас кылган, бир залкарды экинчисинин колу менен тындым кылдырган ошол мезгилдин илеби согуп турат.

К. Тыныстанов 1931-жылдан баштап Кыргыз маданий курулуш илимий-изилдөө институтунун (КМКИИИ) илимий кызматкери болуп иштей баштайт. Түрдүү каралоолорго карабай, Кыргыз мамлекеттик музейи менен КМКИИИнин алдындагы окумуштуулук даража берүү комиссиясынын 1934-жылдын 2-мартындагы чечими менен (катышкандар: Дементьев, Коротченко, Шихалов, Воротников, Данияров,

Попченко, Лунин, Коротин) ага илимий кызматкер наамына көрсөтүлөт. Ошол эле чечимде аны кийин КМКИИИнин анык мүчөлүгүнө өткөрүү жагы каралат, ал ушул эле жылы профессордук наамды коргошу керек эле. Бирок тынымсыз териштирүүлөр мүмкүнчүлүк бербей, К. Тыныстанов кийинки 1935-жылы гана кыргыз уулдарынын ичинен биринчи болуп профессор наамына татыктуу болот. 1933-жылдан тартып өмүрүнүн акырына чейин Кыргыз педагогика институнун доценти, профессору, ошол эле учурда КМКИИИнин ага илимий кызматкери болуп үзүрлүү эмгектенет. Камалганда ал кыргыз тил, адабият институтунун директору болуп тургандыгы белгилүү.

* * *

Ошентип, бир чети, эл агартуу тармагындагы, адабий майдандагы жана илимдеги түшүмдүү эмгек анын жашоосуна жарык чачып, келечекке чексиз менен үмүт менен каратса, экинчиден, «тап күрөшүнүн курчушу» деген жалган теориянын көз көрүнө курмандыгына айланып, биринин артынан бири кулап, ал түгүл, бири-бири жексен кылууга аргасыз болушкан эр-азаматтардын тагдыры, өз башынан арылбаган каралоолордун мүшкүлү тынчтык бербей, жүрөгүн түпөйүл кылып, көп иштердин аткарылышына бут тосот. Ак тилек, айрыкча жигер менен жазылып сахнага чыгарылган «Академия кечелеринин» азабын өзгөчө тарткан К. Тыныстанов кийинчерээк козголбой жаткан тил маселелерине көбүрөөк назар таштап, бир катар салмактуу эмгектерди жарыялоого үлгүрөт. Белгилүү тилчи Ж. Мукамбаев жазгандай: «Анын тил китептери ошол күндөн ушул күнгө чейин күн асабасын түшүрө элек. Көрсө, алардын баары залкар акын, залкар талант менен жазылган экен» [5].

«Академия кечелеринин» узак жана татаал, кыйласы бүдөмүк тарыхы бар. К. Тыныстановдун ою боюнча, ал бүтүндөй кыргыз тарыхынын оош-кыйыш жактарын көз алдыга келтирген пьесалардын өзүнчө бир тобунан туруп, театрлаштырган көрсөтүүлөр менен коштолмок да, идеясы жаңы заманды даңазалоого барып такалмак.

Ал пьесалардын оригиналдары толук окурманга алиге жете элек. Анын бир бөлүгүн профессор Зияш Бектенов 1990-жылы «Ала-Тоо» журналынын 6-санына «Кыргыз искусствосунун тарыхына арналган академиялык үч кече» деген ат менен орусчадан которуп жарыя кылды. Ал «Капитализм мезгили» жана «Көз көргөндөр» аттуу эки бөлүмдөн туруп, биринчиси – Шабдандын ишмердигин, экинчиси – өзгөрүш алдындагы таптык карама-каршылыктарды сүрөттөөгө арналыптыр. Калган пьесалар кандай аталары да белгисиз. Профессор К. Карасаевдин эскермесине караганда, «Академия кечелери» төмөнкүдөй бөлүмдөрдөн турушу керек болчу: 1. Алманбет менен Чубактын жол талашканы; 2. Шабдандын молдосу Сыдык уулунун «Тарыхы Кыргызыяны» жазып отурганы; 3. Үргөнчтүн боюнда Айчүрөктүн кырк кыз менен турганы; 4. Баатыркан манаптын тирүү кезинде кошок коштурганы [6]. Көрүнүп тургандай, бул жерде «Көз көргөндөр» аттуу пьеса жөнүндө сөз жок. Ошондуктан «Академия кечелери» чынында канча пьесадан турганын, кайсынысы коюлуп, кайсынысы коюлбай калганын атайын иликтеп чыкмайын айтуу кыйын. Ал эми архивдик материлдар айгинелеп тургандай, К. Тыныстановду «буржуазиялык-улутчул идеолог» деген атка кондурган чыгармалар «Манас» жана «Шабдан» деп аталат.

Аталган чыгармаларды жазууга К. Тыныстанов К. Жантөшевди, Ш. Көкөновду, Х. Карасаевди, Сопиевди тартып, алар адегенде К. Жантөшев экөөнүн режиссурасы менен сахнага чыгарылат. Бул зор аракеттин демилгечиси К. Тыныстанов болгондугу талашсыз. «Академия кечелери» адегенде көрүүчүлөр тарабынан жылуу кабыл алынат. Бирок ага катышууга уруксаты жок Б. Кененсариндин (Б. Кененсариев) кимдир бирөөлөрдүн түртмөгү аркылуу мурда эле «бай-манапчыл» деп табылган ырлары

менен кечеде чыгышы анын ийгилигине көлөкө түшүрбөй койгон эмес. КырАППтын секретариатынын 1932-жылдын 11-январындагы чечими боюнча «кечелерге» өз чыгармалары менен катышууга укук алгандар: М. Элебаев, С. Сасыкбаев, К. Маликов, М. Кырбашев, А. Токомбаев жана Я. Шиваза болчу. Б. Кененсарин КырАППтын мүчөсү болбогондуктан, ага мындай укук берилген эмес. Бирок «кечелер» экинчи жолу Ш. Көкөновдун режиссерлугу менен сахнага чыгарылганда, Б. Кененсарин ага дагы аралашат. К. Тыныстанов буга наразы болуп, Комфракцияга протест менен кайрылса да, натыйжа чыкпай, ал түгүл, кайра өзү Б. Кененсариндин жактоочусу катары күнөөлөнүп сөгүш алат. Ошентип, пролетардык поэзиянын атынан кечелерде Б. Кененсариндин чыгышы чоң саясий ката жана анын себепкери К. Тыныстанов деп бааланып, ал (К. Тыныстанов) 1933-жылы мартта жазуучулар уюмунан (КырАППтан) чыгарылат.

«Академия кечелерин» бардык эле жетекчилер бирдей кабыл алышпагандыгын А. Токомбаевдин областтык партконференциядагы (1934-жыл, 12-январь) сөзү айгинелейт. Ал К. Тыныстановдун душмандыгын далилдей келип, «Академия кечелерин» сахнадан алуу жөнүндө маселе козгогондо: «Тов. Исакеев вызвал меня в кабинет и сказал, что вы сами не умеете дать такие большие произведения, как академические вечера, завидуете тем, кто пишет. Тогда я ему ответил: тов. Исакеев, хотя мы плохо владеем русским языком, но в отношении классовой борьбы мы знаем. Но все-таки нас победили Жаманкулов и Бюро областного Комитета. Мы с тов. Рахматуллиным не сдались…, мы оказались правыми только в нынешнем году», - дейт [2].

Канткен менен К. Тыныстановго тагылган «буржуазиячыл-улутчул идеолог» деген жалаанын учу «Академия кечелеринен» мурунку жылдарда жаткандыгын белгилей кетүү зарыл. Маселен, 1932-жылдын 4-мартындагы Кыробкомдун секретариатынын кеңешмесинде (докладчы жогортодо К. Тыныстановду колдоочу катары көрсөтүлгөн Жаманкулов) жалпы кыргыз адабиятындагы саясий кемчиликтерге алгачкы оор сокку урулат. Кабыл алынган революциянын «Кыргыз адабияты жөнүндө» деген бөлүгүн келтирели:

3. С начала создания киргизской литературы шла борьба за гегемонию пролетарской идеологии, против контрреволюционной, националистически-буржуазной.

Классовые враги (бай, манап) и их агентура пытались и пытаются сопротивляться социалистическому наступлению на идеологическом фронте.

Сущность борьбы в литературе выражается в следующем:

а) протаскивание контрреволюционных, буржуазно-националистических идей алаш-орды в киргизской литературе (Тыныстанов).

б) в отражении бай-манапской идеологии, направленной против интересов пролетариата и его авангарда – коммунистической партии (Кокенов, Карачев, Кененсарин и т.п.).

в) отсутствие марксистко-ленинского анализа при издании так называемого народного творчества, в которой воспеваются интересы враждебных пролетариату классов (кошоктор, күйгөн, «Курманбек», «Семетей и.т.п.).

Кеңешмеде К. Тыныстановдун Б. Кененсариндин, К. Баялиновдун «Кызыл гүл» жыйнагындагы ( -М., 1928 ) ырлары, С. Карачевдин «Эрксиз күндөрү», К. Баялиновдун «Ажары» контрреволюциячыл, бай-манапчыл идеологияга сугарылгандыгы үчүн сындалат да, төмөнкүдөй токтом кабылданат:

2. Сборник стихов Тыныстанова из использования изьять как реакционную поэзию…

9. Поручить Культпропу ОК и научно-исследовательскому институту проработать вопрос об использовании «народного» творчества вообще и «Манаса» в частности [4].

Мындай чечим кабыл алынган соң «Манаска» кайрылып отурган К. Тыныстановдун азуулуу сындын капшабына туш келиши ал мезгилдин ченеминен алганда бир чети табигый иш эле. Мындан көп өтпөй эле «Правда» гезитинде «Выше знамя пролетарского интернационализма» аттуу редакциялык макала, ага удаалаш Мануйлов дегендин «Разбить до конца остатки буржуазно-кулацкого национализма» аттуу кекээрлүү макаласы жарык көрөт. Ал эми буга дейре республикалык басма сөз беттеринде, түркүн жыйындарда «Академия кечелерине» муштум кезөөлөрдү эске алсак, К. Тыныстановдун башына каран түн түшө турган мезгил жакындап калганын баамдасак болот. Натыйжада, атайын ушул маселе боюнча 1933-жылы 29-мартта Кыробкомдун бюросу чогулат да (катышкандар: Шахрай, Манжара, Жээнбаев, Абдрахманов, Алиев, Орозбеков, Чистяков, Гуревич, Жоломанов, Шеванин, Камоликов, Рахматуллин, Арсаньев, Михалин; чакырылгандар: Чоңбашев, Щеглов, Токомбаев, Тыныстанов ж.б.), «Правда» гезитинде «Академия кечелерине» берилген сындын адилеттүүлүгү айтылып, төмөнкүлөр белгиленет:

«Под флагом академических вечеров т. Тыныстанов (в соавт. с т. Кокеновым, Салиевым, Жантөшевым) со сцены Кирг. нацтеатра вел открытую пропаганду национализма, открыто реставрировалась идеология байства и манапства, феодального строя…

БЮРО ОБКОМА ПОСТАНОВЛЯЕТ:

3. Снять с потановок в Кирнацтеатре «Манас» и «Шабдан».

4. Предупредить т.т. Тыныстанова и Кокенова, националистические ошибки, которые уже подвергнулись осуждению в решении обкома о киргизской литературе, что дальнейшие их ошибки, уклоны от национальной политики партии повлекут за собой немедленное исключение из рядов партии.

5. Предложить т.т. Тыныстанову и Кокенову выступить с критикой и осуждением своих ошибок» [7]. (Партархив, фонд № 10, опись № 15, дело № 2743; дагы: фонд №10. Опись №1, дело № 453**).**

Бул жөн гана кол кезеп, коркутуп-үркүтүү эместигин жакшы түшүнгөн К. Тыныстанов амалы кетип, айласы түгөнүп, барга да, жокко да, туурага да, туура эмеске да, акка да, карага да макул болууга аргасыз болуп, макалалар жазды, сөздөр сүйлөдү. «Силердики туура экен, мен жаңылып-жазыптырмын» десем тынч коюшар бекен деген көйгөй ичинде турду. 1933-жылы июндагы Кыробкомдун ҮП пленумунда дагы тереңдетилген, күчөтүлгөн партиялык көржемеге алынгандан кийин калканч издеп М. Горькийге кат жазды. 1933-жылдын 8-октябрындагы бул каттын толук тексти андагы автордун өзү жөнүндөгү маалыматтарды алып салганда мындай:

**Уважаемый Алексей Максимович!**

Обращаюсь к Вам, как знатоку пролетарского искусства, с убедительной просьбой написать отзыв на страницах центральной печати на этот мой труд, который постановлением местной организации снят с театральных постановок как произведение, открыто пропагандирующее буржуазно-кулацкой национализм и реставрирующее идеологию враждебных пролетариату классов. За этот труд я жестоко осужден: в настоящее время рассматривается вопрос о моем пребывании в рядах ВИП(б) и я уже изгнан из рядов писательской организации. Эти обстоятельства в условиях культурно-отсталой Киргизии поставили меня обьективно в такие рамки, в которых я морально лишен возможности успешно вести борьбу за пролетарскую

культуру, как вел раньше. Скажу честно, по большевистки, что я до сего времени не могу уяснить себе то, в чем же конкретно выразились в данном произведении мои преступления перед пролетариатом, за которые так крепко осудили меня.

А этот момент не дает мне, как молодому художнику возможности грантировать дальнейший рост своей творческой работы от политических ошибок.

При оценке художественной стороны этого произведения прошу принять во внимание, что перевод с киргизского на русский язык сделан текстуально, без литературной обработки, а также учесть тот скромный опыт киргизской драматургии вообще, история которой начинается лишь с 1929 года.

Твердо надеюсь, что Вы на мое данное обещание отзоветесь обязательно и этим не оставите меня, еще неопытного драматурга-национала обиженным.

Посылаю решение местной организации и критику ответственных товарищей.

С комприветом (Тыныстанов).

Азыркы күндө көчүрмөсү Кыргыз улуттук университетиндеги К. Юдахиндин китепканасында сакталып турган бул катты М. Горький алган-албаганы белгисиз. Бирок жооп келбегени белгилүү. Мындан бир аз мурдараак К. Тыныстанов Кыробкомдун ал кездеги секретары А. О. Шахрайга да орусчага өзү которгон «Академия кечелерин» окуп чыгып, кеп-кеңеш берүүсүн өтүнүп көрдү. Мындан да майнап чыккан жок.

Кыробкомдун жогоруда аталган партконференциясында А. Токомбаев ушул жагдайга байланыштуу мындай деген жери бар: **«Тыныстанов сделал перевод на русский язык, хотел послать М. Горкому и Кагановичу. Когда я здал вопрос, зачем он сделал перевод, какая ваша цель, он ответил , что хочет глубже видеть свои ошибки и я знаю, что он послал перевод т. Бауману (**ВКПб Орто Азия бюросунун секретары – **К. А.). Недавно он через художника Чуйкова передал, он слышал, что Абдрахманов в Самаре, поехал к Шубрикову. Что это значит!**

**Тов, Бауман сказал, что большевизация Киргизии еще не закончена – это правильно и мы должны приступить к этому делу и Тыныстанова мы должны ислючить из партии. Такого человека нам совсем ненужно»** [2].

Ушундай жүрүшүн кенедей да басаңдатпаган карандай кысымдын натыйжасында К. Тыныстанов өзүнүн мурда буржуазиячыл-улутчул болгондугун, өткөн турмушту көркөм сүрөттөгөн чыгармалары менен элди алдаганын белгилей келип: 1) контрреволюциячыл ырларын эл агартуу комиссары болуп турганда эле жок кылбаганы; 2) окуу китебинде дагы эле ошондой мазмундагы өз ырларын, эл макалын киргизгендиги; 3) «Үч доор» деп аталган драмалык чыгармаларындагы кемчиликтери; 4) эл агартуу комиссары болуп турганда пролетардык кадрлар үчүн жетишерлик күрөшө албагандыгы сыяктуу «оркойгон саясий каталарын» моюнга алып, Сталинге оор экономикалык абал тууралуу кат жазган «контрреволюционер» Б. Турусбаевге тиешеси жок экендигин, Ж. Абдрахмановго чыгармаларын жибербегендигин, Сыдыковдун тобуна кошулбаганын, тескерисинче Көкөнов, Карачев, Кененсарин сыяктуу жазуучулардын оппортунисттик көз караштарын ачууга катышканын да баса көрсөтөт, өзүнүн кемчиликтерин четтетүүгө партиялык уюмдан көмөк сурап, иш жүзүндө текшерип көрүүлөрүн өтүнөт.

Мындай аракетинен да натыйжа чыкпай, ар тараптуу, амалдуу каралоонун туткунунда калган Тыныстановдун 1934-жылы ГПУга жазган түшүнүк каты көптөгөн

чаташ маселелердин, бир тарабында өзү, экинчи тарабында: Идрисов, Тойчинов, Рахматуллин, Токомбаев, Кененсарин (ж.б.) болгон ич ара араздашуулардын ажатын ачууга арналат. Бул көлөмдүү түшүнүк катта К. Тыныстанов: **«Корни наших разногласий идут с трех источников и эти разногласия продолжают существовать с 1926 года. Первым источником разногласий служил сб. стихотворений Токомбаева «О Ленине», вторым источником – произведения манапа Кененсарина и третьим источником, - использование на научной работе сына помещика Идрисова», -** деп келип, алардын ар бирин кең-кесири түшүндүрүү аракетин жасайт. Бирок ага кенедей да кечирим болгон жок.

30-жылдардын орто ченинде «социализмдин толук жеңишине арналган шаан-шөкөт күч алганы менен «тап күрөшүнүн күчөшү» деген таң каларлык теориянын кучагында партияны тазалоо компаниясы башталат. «Тазалоочулар» үчүн К. Тыныстановдон ашкан кандидатураны табыш кыйын эле. Эл агартуу комиссариатынын 1935-жылдын 27-февралдагы партияны тазалоо боюнча кеңешмесинде (төрагасы Таукин, мүчөлөрү: Баксин, Золотихин, катчысы Коротовский) Сыдыковдун, Абдрахмановдун топторуна катышкан, окуу китептерине идеясы бузук макалдарды киргизген, кыргыз театрынын директору болуп турганда аны өз кызыкчылыгына пайдаланган, терминдерди которуудa саясий ката кетирген, жаш жазуучулар арасында бузуку иштерди жүргүзүп, өзүнүн айланасына Турусбеков, Элебаев, Абдарахмановду топтоп, аларга буржуазиячыл-улутчул идеяларды тараткан деген айыптар таңууланып, төмөнкүдөй бир гана ооз токтом менен партиядан чыгарылат.

**Постановили:**

**Как двурушника и буржуазного националиста Тыныстанова из рядов ВКП(б) исключить.**

Анын бул жолку анкетасында мындай маалыматтар бар эле: 1901-жылы туулган, 1926-жылдан бери партиянын мүчөсү, партбилетинин №0961889, жогорку билимдүү кызматкер, партиялык жаза алган эмес, теги кедей-дыйкан, атасы 1931-жылы кулакка тартылган. Кызыл Армияда кызмат өтөгөн эмес, партиялык жана коомдук иштерге катышпайт, контрреволюциячыл «Алаш-Ордо» партиясында болгон, тазалоо учурунда КМКИИИнин илимий кызматкери.

Партиядан чыгарылып, адилетсиздикке жаны ачыган К. Тыныстанов ВКП(б)нын Орто Азия бюросуна арыз берет. 1935-жылдын 7-майында составында төрагасы Дзюбенко, мүчөлөрү Браварник менен Токомбаев болгон партияны тазалоо боюнча Орто Азия крайлык комиссиясынын Кыргызстандагы үчүлүгү арызды карап көрүп, токтомду өзгөртүүсүз калтырат. Буга келише албаган окумуштуу ВКП(б)нын алдындагы партиялык контроль комитетине апелляция менен кайрылат. Төрагасы Е. М. Ярославский болгон комитеттин чечими (1936-жыл, 3-апрель) мындай эле: **«Приняв во внимание, что он не скрывал своего пребывания, в алаш-ординской партии при вступлении в партию, отменить решение комиссии по чистке рядов ВКП(б) и восстановить его как членом ВКП(б).**

Убактылуу болсо да бул чечим К. Тыныстановго жеңил дем алып, баштаган иштерди бүтүрүү үчүн шымалана киришүүгө мүмкүнчүлүк берет. Сталиндик Конституция кабыл алынып, социализмдин жеңиши даңаза кылынып, советтик коом куру болсо да шаңга бөлөнүп турганы менен жыландай шырп алдырбай коогаландуу, кандуу 37-38-жылдар жакындап келе жаткан болучу.

Ачуу-таттууну көп көрсө да, ар бир ишке өтө сергек жана терең мамиле жасай билген, акыл-күч менен жигерге толуп турган К. Тыныстанов Москвада жүргөн жеринен чакыртылып, камакка алынганын Х. Карасаев эскерет. Ал эми эл агартуу

комиссариатынын партиялык уюму эки-үч күн өткөрбөй К. Тыныстановду кайра партиядан чыгарат. 4-августта Фрунзе шааркомунун бюросу аны негиздебей, себебин көрсөтпөй туруп эле беките салат (секретары Кенебаев).

Ошентип, К. Тыныстанов 1937-жылы 1-августта камалат. Камоо үчүн берилген № 476 ордер менен келген сержант Титов (НКВДнын 3 бөлүмүнүн кызматкери) К.Тыныстановдун манаптын уулу экендигин көрсөтө келип буларды жазат:

**нашел:**

**что имеющимися в деле следственными данными Тыныстанова Касым в достаточной степени изобиличается в участиях контрреволюционной, националистской и организационной деятельности Киргизской ССР, т.е. в преступных деяниях, предусмотренных ст. 58—П УК РСФСР и принимая во внимание, что нет гарантии в том, что Тыныстанов К. не скроется от следствия и суда, а поэтому руководствуясь ст. ст. 147-148 УПК РСФСР.**

**постановил:**

**Тыныстанова Касыма арестовать с производством тщательного обыска** [8].

Камакка алынган К. Тыныстановдун анкетасын Жуков толтурат (аскердик наамы, кызматы көрсөтүлбөгөн). Ал К. Тыныстановдун кесиби, адистиги деген суроого: **«педагог, язуковет**», иштеген жери – «**профессор по языку»** деп жооп жазат. Баарынан кызыгы анкетадагы: «**Служба в белых и других контрреволюционных армиях, участие в бандах и восстаниях против советской власти (когда и в качестве кого)»** деген суроого Жуков адегенде «**нет»** деп жооп жазып, кайра аны чийип салып, **«в 1922-23 годах националистом в гор. Ташкенте» -** деп «толуктап» коет.

К. Тыныстанов адегенде коопсуздук башкармасынын түрмөсүнө камалгандыгы анкетада көрсөтүлгөн. Андан кийин кайда которулгандыгы, бир жылдан ашык кандай күн көргөндүгү бизге белгисиз. Трагедиялуу натыйжа гана белгилүү. Ошентип, 1938-жылы 5-ноябрда СССРдин Жогорку Аскердик сотунун курамында төрагасы – бригадалык аскер юристи Алексеев, мүчөлөрү – бригадалык аскер юристи Зайцев, 1 рангадагы аскер юристи Болдырев, катчысы 1 рангадагы аскер юристи Батнер болгон жабык көчмө сессиясы болот. Анда К. Тыныстановго коюлган айыптоолордун түрү жана салмагы мурдагыдан алда канча оордой түшкөнү ачык байкалат. Ал айыптоонун тексти мындай:

«**Предварительным следствием установлено, что Тыныстанов с 1921 года являлся участником а/с националистической организации «Алаш-Орда», а впоследствии вошел в состав буржуазно-нацоналистиской повстанческой, террористической диверссионно-вредительской организации, так называемой «Социал Туранской» партии, входил в состав руководящего центра организации, готовил повстанческие кадры и вел подрывную деятельность на идеологическом фронте, протаскивая в своих литературных произведениях контрреволюционные, националистические идеи…**

**Признавая Тыныстанова виновным в совершении преступлений, предусмотренных ст. ст. 58-2, 58-7, 58-8п, 58-Р УК РСФСР, Военная Коллегия Верховного Суда СССР, руководствуясь ст. ст. 319 и 320 УПК РСФСР**

**приговорила**

**Тыныстанова Касыма к высшей мере уголовного наказания расстрелу с конфискацией всего лично ему принадлежащего имущества.**

**Приговор на основании постановления ЦИК СССР от 1.ХП. 34 г. надлежит немедленному исполнению»** [9].

Айыптоо материалына анын «Таң» жана «Алашка» деген ырларынын сөзмө сөз котормосу тиркелген. Ошентип, жылдыздай жанган өмүрү өчүп, айтылбаган арманды, үзүлбөгөн үмүттү өзү менен кошо ала кетти. Болор иш болуп, боёосу канды. Андан кийинчи? Кимдин көңүлү жайланып, кимисинин көксөөсү сууду? Кимиси муратына жетип, кимиси өкүттө калды? Анын арбагына ким ызаат кылды да, кимди анын арбагы тынч койбоду? Эмки кеп оролу ушунда, ушунун тегерегинде.

Кимдир бирөөлөр (?) партиялык-мамлекеттик ур-токмоктун күчүнө таянып ошол каргашалуу күндөн тарта К. Тыныстановдун ысымын кыргыз тарыхынан биротоло өчүрүү аракетин көрүп келишти. Кыргыз эл агартуусунда, тил илиминде жана адабиятында мындай адам болбогондой, болсо да «ысык эле жаны бар, элдир-селдир бирдеме жазган, нээти арам эл душманы» болгондой түр көрсөтүлдү. Анын ысымын оозанган адамдарга акылынан айныган байкуштай карашып, аны кайра алып чыгууга аракеттенгендер аёосуз тепкиге алынды. К. Тыныстанов баштаган, чыйыр салган жана анын колунан жаралган бардык дөөлөттөр акырындап башкалардын энчисине ыйгарылып, «баштоочу», «негиздөөчү», «өнүктүрүүчү» деген сый-сыпаттын бүкшүгөн көлмөсүндө мына ошолор чардашты. Натыйжада, элибиз бүтүндөй бир көөнөргүс мурастан ажыратылып, тарыхы бурмаланды, рухунун бир капшыты күч менен бошотулуп, ал аны маңкуртка айландыруу аракетинин көңүл иренжитерлик, бирок унутулгус бир көрүнүшү болуп калды.

1956-жылы августа К. Тыныстановдун шору арылбаган жубайы Турдубүбү эне жогорку органдарга күйөөсүн актоо жөнүндөгү кат менен кайрылды. Мезгил алгалап, заман өзгөрбөсө, ал мындай ишке бара албасы бышык болчу. Карөзгөйлүктүн курмандыгы болгон күйөөсүнүн, балдарынын атасынын арбагы ыраазы болсун, эл-журт алдында жүзүбүз жарык болсо экен деген жаркын үмүт менен жазылган бул арызда чети гана булайып, түпкүрүндө толуп-ташыган муң-арман көп.

Бир жылдан кийин гана, 1957-жылдын 1-октябрында баягы эле СССР Жогорку Сотунун аскердик коллегиясы (төрагасы юстициянын полковниги Костромин, мүчөлөрү подполковниктер Ухванов жана Смирнов) К. Тыныстановду күнөөсүз деп таап, 1938-жылдын 5-ноябрындагы өкүмдү жокко чыгарды. **Мындан кийин Кыргызстан КП БКнын Бюросунун 1958-жылдын 22-январындагы чечими менен (секретары В. Чуркин) ал партиялык жактан толук акталат.** Эми кыйшык нерсе түздөлүп, карөзгөйлүктүн караны, зомбулуктун сөлөкөтү жок кылынды десек болот эле. Бирок андай болгон жок. Анткени дагы да анын арбагы кимдир бирөөлөргө тынчтык бербей, тирүү кезиндегидей коркунуч туудуруп, анын илимий, адабий мурасынын жигин чыгарбоо аракети мурдагыдай эле жүрө берди. К. Тыныстанов жөнүндөгү маселе Кыргызстан Компартиясынын 1Х сьездинде (1958) анын кеңешмелеринде (1959) жана ҮШ Пленумунда (1960) кайра-кайра каралды. Мындай жогорку деңгээлде талкуулоолордун демилгечилери бизге белгисиз. Бирок алар эки тарапта тең болгондугу шек туудурбайт.

Кыргызстан КП БКнын 1959-жылдын 18-декабрындагы Бюросунда К. Тыныстановдун партиялуулугу кайрадан талашка түшүп, анын партиялык жактан туура эмес акталгандыгы тууралуу чечим кабыл алынды (анда Кыргызстан КП БКнын биринчи катчысы И. Раззаков болчу). Бир айга, жетпей (1960-жылдын 5-январында) дагы эле БКнын Бюросу кабыл алган токтомдо Молдо Кылычты залкар акын дешкен Б. Юнусалиев, К. Юдахин, А. Токомбаев, Б. Керимжанова, Касым Тыныстановду кыргыз адабиятынын жана тил илиминин түптөөчүсү дешкен Ш. Үмөталиев. К. Маликов, Б. Юнусалиев партиялык жаза алып тынышты. Анда: **«Восхваление творчества М. Кылыча и К. Тыныстанова, пропитанного духом национализма,**

**может нанести серьезный ущерб делу коммунистического воспитания трудящихся в духе социалистического интернационализма и дружбы народов**», - деп белгиленди да:

**«Отменить постановление Бюро ЦК КП Киргизии от 22 января 1958 г. о восстановлении К. Тыныстанова в рядах КПСС и от 14 мая 1958 г. «Об итогах обсуждения творчества М. Кылыча» как неправильные»** деген баягы өңү тааныш чечим кабыл алынды [10]. Ошентип, К. Тыныстановдун партиялуулугу жөнүндөгү Чубактын кунундай чубалжыган ишине КПСС БКнын алдындагы партиялык контроль комиссиясы (төрагасы Н. Шверник, ага Кыргызстан КП БКнын катчысы Мураталиев катышат) 1964-жылы 16-майда дагы кайрылды. Бул жолу ага окумуштуунун уулу Эркин Тыныстанов менен белгилүү окумуштуу-тилчи Б. Юнусалиевдин арызы себепкер болду.

**«Учитывая, что предьявленные Тыныстанову К. в 1937 году политические обвинения отпали и он судебными органами полностью реабилитирован, во изменение решения ЦК Компартии Киргизии от 5 января 1960 г. – реабилитировать Тыныстанова Касыма в партийном отношении (посмертно)».**

Бирок ушул эле бери карап күлүп, ары карап ыйлаган токтомдо К. Тыныстановдун эл достугуна төп келбеген жана саясий кенемтелери бар чыгармаларын даңаза кылбоонун зарылдыгы астыртан белгиленди. Көлөкөсүнөн чочулашкан акимдер, партократтар бул жөн эле «абайла» деген сөз эмес, «шегин чыгарба, эл билбесин» деген эскертүү экенин илгиртпей түшүнүштү. Натыйжада, К. Тыныстановдун чыгармачылык мурасына байкамаксан, көрмөксөн мамиле, жектөөчү көз караш 1989-жылга чейин, бул залкар инсандын саясий, коомдук-маданий, көркөм-илимий ишмердиги толук жана биротоло акталып, элдин энчисине кайтарыла баштаганга чейин улантылып келди.

* * *

Ошентип, Ж. Абдрахманов, О. Алиев, Т. Айтматов, К. Жээнбаев, Б. Исакеев, Х. Шоруков сыяктуу элибиздин ондогон чыныгы уулдары менен бир күндө күч-кубатка, акыл-демге толуп, элине бергенинен бере элеги көп кезинде, отуз жети жашында Чоң-Таш капчыгайында күм-жам кылынган Касым Тыныстан уулунун кыскача өмүр-таржымалы мына ушундай.

Маданият жана эл агартуу ишмери, педагог жана журналист, драматург жана акын, котормочу жана тилчи, болгондо бул тармактарга адеп чыйыр салган залкар инсан Касым Тыныстан уулу тууралуу жазылгандан жазыла элеги, айтылгандан айтыла элеги дагы эле арбын десек, аша чаппайбыз. Тактала турган, тиешелүү ордуна коюла турган көп нерселер бар. Эртедир-кечтир бул иштин аткарыларына да шек жок. Бирок жети катар жер алдына жашырылган, эч качан толук көлөмүндө бизге жетпес, орду толбос нерселер да жок эмес. Биринчи кезекте, ал – анын жан дүйнөсү, кайгы-кубанычы, досу менен касына, алыс менен жакынга жасаган адамдык мамилеси, дүйнөтаанымы, акырында айтылбай кеткен, өмүр жылдызы менен кошо өчкөн үмүтү менен көксөгөн ой-тилеги, толуп-ташып ичинде кеткен арман-муңу. Үзүл-кесил түрүндө калтырган эмгектеринде, сүйлөгөн сөздөрүндө калса да, биз буларды көңүл толтурарлык өлчөмдө биле да, туя да албайбыз, болгону баам-ченемге салып, божомол этkенге шүгүрчүлүк кылып тим болобуз.

**Эскертүүлөр жана шилтемелер:**

*Архивдик материалдар кайсы тилде болсо, ошол бойдон өзгөртүлбөй, ондоо киргизилбей берилди.

1. Аталган документтер Республиканын социалдык-саясий институтунун архивинде (мурдагы Партархив) сакталып турат. Фонд №10. Опись №15, Дело №2743
2. Партархив. Фонд №10, опись №1, дело № 530.
3. Партархив. фонд №10, опись №1, дело №415.
4. Кийин эле К. Тыныстанов манаптын тукуму деген маалыматтар кездеше калып жүрөт, маселен, Жаңыл Абдылдабек кызы аны тилчи Ажыйман Шабданов менен бирге Шабдандын небереси деп атайт («Ала- Тоо» журналы. 1991. №6. 102-бет). Мунун чындыгында шек бар. Эгерде чын эле ошондой болсо, бул факт ал кездеги «сынчылардын» көз жаздымында калбайт эле.
5. Кыргызстан маданияты, 1989, 25-май.
6. Кыргызстан маданияты, 1991-жыл, 17-январь.
7. Партархив, фонд № 10, опись № 15, дело № 2743; дагы: фонд №10. Опись №1, дело № 453**)**.
8. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик коопсуздук комитетинин архиви, т. 1, л.д. 1).
9. Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик коопсуздук комитетинин архиви. т.1, л. д. 212).
10. Партархив, фонд №56, опись № 4, ст. 127-128).